**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**М. М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ОШСКИЙ ТЕХНОЛОГИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМЕНИ М. М. АДЫШЕВА**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

05.03.2024 № 09-04/96 **Ош ш.**

**Ош технологиялык университетиндеги 2023-жылдагы каржы-экономикалык иш аракеттери, чарбалык ишмердүүлүгү жана университеттин окуу материалдык базасын жакшыртуу тууралуу**

2024-жылдын 29-февралындагы ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинде №5 протоколунун чечими менен "Ош технологиялык университетиндеги 2023-жылдагы каржы-экономикалык иш аракеттери, чарбалык ишмердүүлүгү жана университеттин окуу материалдык базасын жакшыртуу тууралуу" №2 маселеси боюнча төмөндөгүдөй буйрук кылам:

1. Ош технологиялык университетинин 2023-жылдагы каржы-экономикалык ишмердүүлүгү канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2024-жылга карата сунушталган атайын каражаттардын кирешелер жана чыгашалар сметасы бекитилсин.
3. Университеттин ашканасын лицензиянын талаптарына ылайык ишке киргизүү боюнча ыкчам иш-чараларды уюштуруу жана тиешелүү аракеттерди көрүү Ош технологиялык университетинин Административдик-чарба башкармалыгынын башчысы С.Ж. Нарматовго жүктөлсүн.
4. Университеттин балансына кирген автоунаалардын техникалык абалын аныктоо максатында көз карандысыз эксперттик комиссиянын кароосуна тапшырылсын. Натыйжасында эксплуатацияга жараксыз деп табылган автоунаалар белгиленген тартипте эсептен чыгарылсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

***Негиз:*** *ОшТУнун окумуштуу катчысынын билдирүүсү, ректордун резолюциясы*

**Ректор** **Ж.Ж.Турсунбаев**

# М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

**ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2024-жылдын 29-февралындагы №5 жыйынынын**

## ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

## КҮН ТАРТИБИ

2. Ош технологиялык университетиндеги 2023-жылдагы каржы-экономикалык иш аракеттери, чарбалык ишмердүүлүгү жана университеттин окуу материалдык базасын жакшыртуу тууралуу

УГУЛДУ: Ош технологиялык университетинин сырткы байланыштар жана өнүгүү боюнча проректору А.Т. Акматалиевдин 2023-жылдагы каржы-экономикалык ишмердүүлүк, чарбалык иштер жана окуу-материалдык базаны жакшыртуу боюнча баяндамасын угуп жана талкуулап, Ош технологиялык университетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Ош технологиялык университетинин 2023-жылдагы каржы-экономикалык ишмердүүлүгү канааттандырарлык деп табылсын.
2. 2024-жылга карата сунушталган атайын каражаттардын кирешелер жана чыгашалар сметасы бекитилсин.
3. Университеттин ашканасын лицензиянын талаптарына ылайык ишке киргизүү боюнча ыкчам иш-чараларды уюштуруу жана тиешелүү аракеттерди көрүү Ош технологиялык университетинин Административдик-чарба башкармалыгынын башчысы С.Ж. Нарматовго жүктөлсүн.
4. Университеттин балансына кирген автоунаалардын техникалык абалын аныктоо максатында көз карандысыз эксперттик комиссиянын кароосуна тапшырылсын. Натыйжасында эксплуатацияга жараксыз деп табылган автоунаалар белгиленген тартипте эсептен чыгарылсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ош технологиялык университетинин ректору Ж.Ж. Турсунбаевге жүктөлсүн.

ОшТУнун ректору Ж.Ж.Турсунбаев

Окумуштуу катчы Н.К.Мендиева